Oş Devlet Üniversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
14-15. sayı 2011

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
14-15-саны 2011

# АБУ ХАНИФАНЫН ЫЙМАН ТУУРАСЫНДАГЫ КӨЗ КАРАШТАРЫ

**Ажимаматов. З.**

Абу Ханифа тарыхта көбүрөөк факих катары таанылган Ислам аалымы болуп эсептелет. Ошого карабастан анын эмгектеринин көпчүлүгү акида маселелерин ичине камтыйт. Абу Ханифанын учуруна чейин хирижи, муржия, шия жана мутазыла сыңары чоң фыркалар пайда болгон. Абу Ханифа бул фыркаларга карата өзүнүн көз карашын эмгектеринде билдирген.

Абу Ханифа ыйман тууралсындагы пикирлерин ортого коюуда муржияга жакын пикирлерди кабыл кылгандыгын байкасак болот. Анткени харижи, мутазыла сыңары фыркалар менен ыйман маселелеринде карама-каршы көз караш болуу менен бирге кээ бир айрымачылыктарды айтпаганда орто жолду тутунган муржияга жакын көз карашты кабыл кылган.[1] Абу Ханифанын ыйман туурасындагы көз караштарын чоң күнөө, ыйман-амал, шартту ыйман, ыйманда теңдик, ыйман-ислам, ваад жана ваид маселелеринин негизинде кароого болот.

## 1. Чоң күнөө

Алгачкы жолу «ар бир чоң күнөө куфур, чоң күнөө кылгандар түбөлүк тозокто

калышат» - деп айткандар харижиттер болсо, ал эми чоң күнөө кылгандардын куфурга кирбей тургандыгын алгачкы жолу айткандар муржия фыркасы болгон. Мутазыла болсо чоң күнөө кылгандын ыймандан чыга тургандыгын, бирок куфурга кирбей тургандыгын айткан. Башкача айтканда мутазыланын көз карашы боюнча чоң күнөө кылган инсан каапыр да момун да эмес фасык болуп эсептелет. Мындай инсан тообосуз өлсө акыретте түбөлүк тозокто калат. Бирок тозоктогу азабы каапырдыкынан жеңилирээк болот.[2]

Абу Ханифа чоң күнөө кылган инсандын момун, бирок күнөөкөр момун эсептелгендигин баса белгилеп мындайча баяндайт: «Кимде-ким себепсиз адам өлтүрсө, уурулук же тоноочулук кылса, күнөө иш же зына кылса, же болбосо ичимдик (спирттик) ичип мас болсо күнөөкөр момун болот, каапыр болбойт. Мындай абалдагы инсандар акыретте тозокто азабын тарткандан кийин ыймандары

[1] Караңыз: *Sönmez Kutlu*. Türkler'in İslamlaşma Sürecinde Mürcie ve Tesiri.- Ankara, 2000. 101-147.

[2] Караңыз: *Абул-Хусеин Абдуррахим бин Мухаммед ал-Хаййат (300/921)*. ал-Интисар вар-рад алаа равандий. – Каир, 1988. 164; 237.

болгондугу үчүн тозоктон чыгарылат.»[3] Абу Ханифа *фикхул-акбар* деген эмгегинде болсо чоң күнөө кылган инсандын абалын мындайча чечмелейт: «Аллага шерик кошуу жана куфурдан сырткары чоң жана кичине күнөө кылган, бирок тообо кылбастан өлгөн инсандын акыреттеги абалы Алланын ираадасына байланыштуу. Алла кааласа тозокто жазалайт, кааласа кечирет же болбосо эч жазалабайт.»[4] Имам Абу Мансур ал-Матуридий Абу Ханифаны колдоп бул маселе боюнча накилге (куран жана хадис) таянып өкүм берүү керектигин айтып, куран жана сүннөттө бул маселе боюнча так билдирүү болбогондугу үчүн Алланын ираадасына калтыруунун эң ыңгайлуу жол экендигин айткан.[5]

Абу Ханифа ширктен сырткары сөзсүз түрдө жазага тартыла турган күнөөлөр туурасында эч нерсе бибегендигин айтуу менен бирге, ахли кыбладан бирөөнүн ширктен сырткаркы күнөөлөрү боюнча «Алла аны сөзсүз жазалайт»-деп күбөлүк кыла албагандыгын айтып, бул пикирин мындайча чечмелейт: «Мен билген кээ бир күнөөлөр кечирилет, бирок кайсынысы экендигин билбеймин. »[6] Анткени, Алла куранда мындайча баяндайт: «Эгерде силер тыюу салынган чоң күнөөлөрдөн өзүңөрдү тыйып-сактасаңар, силердин кичине күнөөңөрдү кечиребиз жана силерди Бейишке киргизебиз.» (Ниса 4/31), «Акыйкатта, Аллах-Өзүнө шерик кошкондорду кечирбейт, бирок андан башка күнөөлөрдү эгер кимди (кечирүүнү) кааласа кечирет... » (Ниса 4/48) Бул аяттарга карай турган болсок ширктен сырткаркы күнөөлөр кечирилет.

Абу Ханифа ширктен сырткаркы күнөөлөрдү кичине жана чоң деп экиге бөлүп караган. Бирок кайсылардын кичине, кайсылардын чоң күнөө экендиги туурасында ачыктаган эмес. Ал эки күнөөнүн тең акыбетинин жакшы эмес экендигин айтып, чоң күнөөгө караганда кичине күнөөнүн кечирилиши жеңилирээк боло тургандыгын айтат.[7] Ошондуктан Абу Ханифа ширктен сырткаркы күнөөлөр үчүн Алладан кечирүүсүн тилеп дуба кылуу керек экендигин баса белгилеп, «Эй Раббим ушул адамды күнөөлөрү менен жазаландыр» - деп жаман ниетте дуба кылуунун күнөө экендигин айтат.[8]

---

[3] *Ebû Hanîfe*. el-Fıkhu'l-Ebsat. (*Mustafa Özdүн* İmam Azam'ın Beş Eseri аттуу китебинин ичинде). –İstanbul. 1992. 42.

[4] *Ebû Hanîfe*. el-Fıkhu'l-Ekber. (*Mustafa Özdүн* İmam Azam'ın Beş Eseri аттуу китебинин ичинде). –İstanbul. 1992. 57.

[5] *el-Mâturîdî. Ebû Mansur Muhammed b. Muhammed b. Mahmud (333/944).* Kitâbu't-Tevhid Tercümesi. çev. Bekir Topaloğlu. – Ankara, 2002. 499.

[6] *Ebû Hanîfe*. el-Âlim ve'-Müteallim. (*Mustafa Özdүн* İmam Azam'ın Beş Eseri аттуу китебинин ичинде). –İstanbul, 1992. 16.

[7] *Ebû Hanîfe*, 17.

[8] *Ebû Hanîfe*. 18.

Абу Ханифанын пикиринде тавхидди четке какпаган инсан бардык күнөөлөрдү жасаса да Алланын душманы болбойт. Ал эми душман душманын жек көрүп жамандык каалайт. Момун болсо чоң күнөө кылса да баарынан Алланы жакшы көрөт.[9] Демек Абу Ханифанын пикиринде чоң күнөө кылган инсан жүрөгүндө ыйманы болсо куфурга кирбейт. Ал эми акыреттеги абалы Алланын ираадасына байланыштуу. Алла кааласа жазалайт, кааласа кечирет.

**2. Амал-ыйман байланышы**

Амал менен ыймандын ортосундагы байланыш тууралуусындагы талаш-талкуу хижрий I кылымдын экинчи жарымынан баштап харижи жана мурджия агымдары ортосунда кызуу жүргөн. Негизги талаш маселе амалдын ыймандан болуп болбогондугунда болгон. Амал ыймандын бир бөлүгү экендигин жактагандар харижи, мутазыла, асхабул-хадис тарапкерлери болсо, амал ыймандын бир бөлүгү эмес дегендер мурджия тарапкерлери болгон.

Абу Ханифа амал ыймандын бир бөлүгү эмес деген пикирди жактаган. Анын пикиринде момундар ыйман жана тавхид маселесинде бирдей, ал эми амалдарында бирдей эмес.[10] Абу Ханифа бул көз карашын мындайча анализ кылат: «Амал ыймандан, ыйман амалдан башка нерсе. Анткени көпчүлүк учурда момундан амалды аткаруу жоопкерчилиги алынат. Амал аткарылбаганда ыйман жок болду деп айтуу мүмкүн эмес. Мисалы, аял кишинин айызы келген учурда намаз амалын аткаруу жоопкерчилиги болбойт. Мындай учурда ыйманы дагы кетти деп айта албайбыз. Же болбосо ыйманын дагы токтотуп туруу буйрук кылынат деп айтылбайт. Себеби, Алла Таала (айызы келген аялга) «Орозо кармоону токтот, кийин каза кыл»-деп айткан. Мындай абалдагы аялга ыйманыңды да токтот деп айтылбайт. Мындан башка жакыр инсанга зекет парз эмес. Бирок, ыйман керек эмес деп айтылбайт.»[11] Бул жерде Абу Ханифа кээ бир учурларда амалдын каза кылынып адаа (аткарылышы) кылынышы мүмкүн экендигине басым жасоодо. Бул маселени белгилүү ислам аалымы Алийюл-Каари өзүнүн шархинде мындайча чечмелейт: «Эгерде амал ыймандын бир бөлүгү болгондо амал каза кылынган учурда ыйман дагы каза кылынышы керек болот. Бирок, бул туура болбойт»[12].

Абу Ханифанын бул пикиринен дагы намаздын парз экендигине ыйман келтирүүнүн башка нерсе, намаздын парз

---

[9] *Ebû Hanîfe*. 19.

[10] *Ebû Hanîfe*. el-Fıkhu'l-Ekber. 58.

[11] *Ebû Hanîfe*. el-Vasiyye. (*Mustafa Özdүн* İmam Azam'ın Beş Eseri аттуу китебинин ичинде). – İstanbul, 1992. 60.

[12] *Aliyyü'l-Kârî*. İmam Azam Fıkh-ı Ekber Aliyyü'l-Kârî Şerhi. çev. Yunus Vehbi Yavuz.- İstanbul, 1992. 164.

экендигин билип туруп аткарбоонун башка нерсе экендигин билсек болот. Анын пикиринде намаздын парз экендигине ишенбеген инсан каапыр, ишенип туруп аткарбаган инсан күнөөкөр момун болот. Мындан сырткары Абу Ханифанын пикиринде амалдар ыймандын бир бөлүгү болгондо, ал амалдарды аткарганга чейин инсандарды момун деп атабайт эле.[13] Ал курандагы төмөнкү аяттарды далил катары көрсөтөт. «Ыйман келтиргендер жана жакшы амал кылгандар...» (Аср, 103/2), «Жок! Ким жүзүн Аллахка арнап бурса жана жакшылык кылуучу болсо» (Бакара 2/112), «А ким момун болуп, акыретти каалап, ал үчүн аракеттенсе...» (Исра 17/19). Абу Ханифанын пикиринде бул аяттар боюнча момундар ыймандары болгону үчүн намаз окушат, орозо кармашат, зекет беришет, ажыга барышат жана Алланы зикир кылышат. Намаз, орозо, зекет жана ажылык амалдарын аткарышкандыгы үчүн ыйман келтиришпейт.[14] Ал бир инсандын ыйман келтиргендиги үчүн амалдарды аткаргандыгын, амалдарды аткаргандыгы үчүн ыйман келтирбегендигин, мунун мүмкүн болбогондугуна токтолгон. Башкача айтканда ыйман амалдан мурун, кийин эмес. Абу Ханифа бул маселенин түшүнүктүү болушу үчүн мындай бир мисал келтирет: «Карызы бар инсан, биринчи карыз экендигин кабыл кылып, андан кийин карызын төлөйт. Биринчи төлөп андан кийин карыз экендигин кабыл кылбайт. Карыз экендигин кабыл кылышы төлөгөндүгү үчүн эмес, карызын төлөшү карыз экендигин кабыл кылгандыгы үчүн.»[15]

Асхабул-хадистин башчыларындан Ахмад бин Ханбал «Ыйман келтиргендер жана салих амал кылгандар» деген аяттардагы вав тамгасынын амал менен ыйманды ажыратуу үчүн эмес бир экендигин билдирүү максатында колдонулгандыгын айтып, ахли сүннөттүн көз карашы да ушул экендигин баса белгилейт.[16] Абу Ханифа болсо вав сөзүнүн амал менен ыйманды ажыратуу үчүн колдонулгандыгын айтат. Мындан улам асхабул-хадис тарабынан Абу Ханифага каршы «китабул иман» деген темада көптөгөн эмгектер жазылган.

### 3. Шарттуу ыйман

Бул көз караш эки негизги маселеге байланыштуу. Биринчиси, «мен чындыгында момунмун», экинчиси «иншааллах (Алла каалаbackса) момунмун». Бул тема биринчи жолу муржия жана асхабул-хадис ортосунда талаш-талкуу болгон. Муржия ыйман келтирген инсандын «мен чындыгында момунмун»- деп айтуусун шарт кошсо, асхабул-хадис «иншааллах момунмун»- деп айтуусун шарт кошкон. Асхабул-хадис

---

[13] *Ebû Hanîfe.* el-Âlim ve'-Müteallim. 13.
[14] *Ebû Hanîfe.* 13.
[15] *Ebû Hanîfe.* 13.
[16] *Абдуллах Бин Ахмад Ибн Ханбал.* Ал-сунна. –Бейрут, 1985. I/113.

боюнча момун ошол учурдагы абалына карап «мен чындыгында момунмун»- деп айтышы мүмкүн. Бирок, келечекте момун болуп жашап өтө тургандыгы белгисиз болгондугу үчүн момундун «иншааллах момунмун» деп айтуусу зарыл. Муржия болсо нсандарды момун, каапыр, мунафык деп үч топко бөлүп, момун чындыгында момун, каапыр болсо чындыгында каапыр деп момундун «мен чындыгында момунмун»- деп айтуусу керек экендигин баса белгилеген.[17]

Абу Ханифа болсо бул темада өзүнүн көз карашын системалаштырып, шарттуу ыйманды кабыл кылган эмес. «Сен момунсуңбу?»- деп суралган инсан: «Алла дагы да жакшы билет»- деп жооп берсе, буга эмне дейсиң? - деп Абу Ханифага сурашканда «анын ыйманында шек бар»-деп жооп берген.[18] Анын пикиринде момун чындыгында момун, каапыр чындыгында каапыр болуп, ыйманда шек болбоосу керек жана шектүү ыйман, ыйман эмес.

Абу Ханифа курандагы «Булар анык ыймандуулар.» (Анфал. 8/4), «Алар анык каапырлар.» (Ниса. 4/151) аяттарын далил катары көрсөтүп, Аз. Мухаммеддин үммөтүнүн ичиндеги күнөөкөр инсандардын да баарынын чындыгында момун экендиктерин айткан.[19] Башкача айтканда Абу Ханифанын пикиринде күнөөкөр момун болсо да Алланын сөздөрүн же Алланы четке какпаса, ал чындыгында момун. Ал эми, Алланы четке каккан чындыгында каапыр болуп эсептелет.

**4. Ыймандын аныктамасы**

Ыймандын аныктамасы боюнча дагы алгачкы учурлардан баштап мутазыла, муржия жана асхабул-хадис ортосунда айрымачылыктар болгон. Муржия негизинен үч түрдүү аныктаманы ортого койгон. Биринчиси, ыйман дил аркылуу ишке ашкан марифат (дил аркылуу билүү, сезүү) же тастык. Экинчиси, ыйман тил менен айтып, дил менен тастыктоо. Үчүнчүсү болсо, ыйман тил менен гана айтуу. Булардын биринде дагы амал кошулган эмес.

Асхабул-хадис болсо муржиянын бул аныктамасына каршы чыгып, ыйманды тил менен айтып, дил менен тастыктап амал кылуу деп аныктама кылган. Мутазыла болсо мурржия жана асхабул-хадис сыңары ыйманга түздөн-түз аныктама берген эмес. Мутазыла ыйманды өзүнүн беш принцибинин негизинде анализдеп, икрар (тил менен айтуу), марифат жана амал деп аныктаган. Ошондуктан мутазыла таклидий ыйманды кабыл кылган эмес.

---

[17] Караңыз: *Kutlu*. Türklerin İslamlaşma Sürecinde Mürcie ve Tesiri. 122-125; *Kutlu*. İslam Düşüncesinde İlk Gelenekçiler. 101-112.

[18] *Ebû Hanîfe*. el-Fıkhu'l-Ebsat. 40. Бул темада башка эмгектеринде да токтолгон. Караңыз: *Ebû Hanîfe. el-*Fıkhu'l-Ebsat. 42; el-Vasiyye. 60.

[19] *Ebû Hanîfe*. el-Vasiyye. 60.

Абу Ханифа боюнча ыйман тил менен айтып, дил менен тастыктоо болуп саналат.[20] Ыйман эмне? - деген суроого Абу Ханифа мындайча жооп берген: «Ыйман, Алладан башка илах жок экендигине, Аз. Мухаммеддин Анын кулу жана элчиси экендигине шахадат келтирүү, периштелерине, пайгамбарларына, китептерине, акырет күнүнө, тагдырга, жакшылык жана жамандыктын Уллу Алладан экендигине ишенүү.»[21]

Абу Ханифанын пикиринде бир гана икрар (тил менен айтуу) ыйман болбойт. Анткени, бир гана икрар ыйман болгондо бардык мунафыктардын момун болушу керек болот эле. Бир гана дил менен тастык дагы ыйман болбойт. Бир гана тастык ыйман болгондо ахли китептин (китеп ээлери) дагы момун болушу керек болот эле. Ал бул пикирин төмөндөгү аяттар менен далилдейт: «...Аллах акыйкатта эки жүздүүлөр жалганчы экендигине күбөлүк берет.» (Мунафикун 63/1) «Биз китеп бергендер пайгамбарды өз уулдарын тааныгандай эле таанышат...» (Бакара 2/146) Абу Ханифа ушул аяттарга таянып ыймандын тил менен айтып, дил менен тастыктоо аркылуу боло тургандыгын айтып, экөөнөн бирөө кем болсо ыйман болбой тургандыгын баса белгилеген. Ал кээ бир шарттарга байланыштуу тили менен айтпастан, дили менен гана тастыктаган бир инсандын момун эсептелгендигин айтат. Ал эми, тили менен айтып дили менен четке каккан инсандын ыйманы кабыл болбойт. Андай инсан Алланын алдында каапыр эсептелет.

Абу Ханифа ыймандын сөздүк маанисин ачыктоодо ыйман сөзүнүн синонимдери арасында тастык, марифат, икрар жана ислам сөздөрүнө дагы орун берет.[22] Бул сөздөрдүн маанилерин мындайча ачыктайт: «Булар башка башка сөздөр, бирок баары бир маанини, ыйман маанисин туюнтат. Алланын Раб экендигинин икрары (тил менен айтылышы), дил менен тастыкталышы, так ишеними жана маарифаты (маалым болгону) эсептелет. Булардын айтылышы башка башка болгону менен маанилери бир. Мисалы, бирөөгө эй инсан, эй адам же эй паланча деп айтуу сыяктуу.»[23]

Абу Ханифа ыйманга аныктама берүүдө амалды кошкон эмес. Ошондуктан асхабул-хадис тарапкерлери Абу Ханифаны сындашкан. Жыйынтыктап айта турган болсок анын пикиринде ыйман - тил менен айтып, дил менен тастыктоо. Бирок, кээ бир шарттарга байланыштуу дил менен тастыктоо дагы жетиштүү болот.

## 5. Ыймандын азайып көбөйүүсү

[20] *Ebû Hanîfe.* el-Fıkhu'l-Ekber. 58.

[21] *Ebû Hanîfe.* el-Fıkhu'l-Ebsat. 35-36, 37.

[22] *Ebû Hanîfe*, el-Âlim ve'-Müteallim, 13.

[23] *Ebû Hanîfe.* 14.

Ыймандын азайып көбөйүүсү маселеси көбүнчө мурджия жана асхабул-хадис ортосунда болгон. Ыймандын азайбай жана көбөйбөй тургандыгын колдогон тарап мурджия болсо, азайып көбөйө тургандыгын асхабул-хадис колдогон. Негизинен амалды ыймандын бир бөлүгү эсептегендер ыймандын азайып көбөйө тургандыгын кабыл кылышса, амалды ыймандын бир бөлүгү эсептебегендер ыймандын азайбай жана көбөйбөй тургандыгын кабыл кылышкан.

Абу Ханифа амалды ыймандын бир бөлүгү катары эсептебегендиги үчүн ыймандын азайбай жана көбөйбөй тургандыгын кабыл кылган. Себеби, анын пикиринде ыймандын азайуусу куфурдун көбөйүүсү, ыймандын көбөйүүсү куфурдун азайуусу дегенди түшүндүрөт. Бир инсандын бир учурда момун да, каапыр да болушу мүмкүн эмес. Момун чын ыхластан ыйман келтирген инсан, каапыр чын ыхластан четке каккан инсан.[24] Андай болсо ыймандын азайып көбөйүшү мүмкүн эмес.

## 6. Ыйманда теңдик

Момундардын ыйман боюнча да тең болуп болбогондугу тууралуу да түрдүү көз караштар бар. Абу Ханифанын пикиринде момундар ыйман жагынан баары бирдей. Бирок амалда тең эмес.[25] Мындайча айтканда ыймандан сырткаркы маселелерде момундар бири-биринен жогору болушу мүмкүн.

Асхабул-хадис ыйманды амалдарга карата өлчөшкөн. Абу Ханифанын эң алдыңкы шакирттери Абу Юсуф менен Имам Мухаммед устазынан башкача ой жүгүртүшүп, асхабул-хадиске жакын көз караштыкабыл кылышат. Абу Юсуфтун мындай деп айтканы риваят кылынат: «Мен чыныгы момунмун. Мен Алланын алдында момунмун. Бирок, менин ыйманым Жабраил, Микаилдин ыйманы сыңары деп айта албайм.»[26] Имам Мухаммеддин да мындай деп айтканы риваят кылынат: «Ыйманым Жабраилдин ыйманы сыңары деп айтууну туура көрбөйм. Ыйманым Абу Бакирдин (р.а) ыйманы сыңары деп айтууга да болбойт. Бир гана мындай деп айтууга болот: «Абу Бакирдин ыйман келтиргенине мен дагы ыйман келтирдим.»»[27] Мындан бул эки аалымдын пикиринде тең момундар ыйман жагынан тең эмес экендигин түшүнсөк болот. Түрк окумуштуусу Кутлунун пикиринде бул эки аалым ошол учурдагы коомчулуктан таасирленишип ушул пикирди айтышы мүмкүн. Абу Ханифа момундардын ыйман жагынан

---

[24] *Ebû Hanîfe.* el-Vasiyye. 60.

[25] *Ebû Hanîfe.* el-Fıkhu'l-Ekber. 58.

[26] *Ebû'l-Leys es-Semerkandî, Nasr b. Muhammed b. Ahmed b. İbrâhim el-Hanefî (383/993).* Tenbîhu'l-Ğâfilîn ve Büstânu'l-Ârifîn (Gafilleri Uyaran kitap). çev. Abdülkadir Akçiçek. – İstanbul, 1974. 914.

[27] Ebû'l-Leys es-Semerkandî. 914.

теӊ экендигин колдоп, амалдар боюнча ыйманды жоопкер кылбоонун алдына өтүп, момундардын биримдигин жана тынчтыгын күчтөндүрүүнү алдыга койгон.

**7. Ыйман-ислам байланышы**

Ыйман-ислам байланышы дагы алгачкы учурлардан баштап талаш-талкуу болгон маселелерден. Мурджия ыйман менен исламдын бир маанини туюнткандыгын кабыл кылган.[28] Асхабул-хадис бул маселеде өз ара эки башка пикирде. Алардан кээ бирлери ыйман менен исламды бир мааниде кабыл кылышат. Бул пикирди колдогондордун арасында Имам Шаафи, Абу Убайд, Бухари, Мухаммед бин Насыр, Халимий жана Ибн Манда деген аалымдар бар.[29] Кээ бирлери болсо ыйман менен исламдын эки башка маанини туюнткандыгын кабыл кылышат. Башкача айтканда, ыйманды амал деп, исламды икрар (тил менен айтуу) деп түшүнүшөт.[30] Мутазыла боюнча ыйман менен ислам бирдей мааниге ээ. Белгилүү мутазыла аалымы Кады Абдулжаббардын көз карашы боюнча ыйман менен исламдын айтылышы башка мааниси бир.[31]

Абу Ханифа ыйман менен исламдын бир мааниде экендигин кабыл кылат. Жогоруда да айтылгандай, ал ыйманга тастык, марифат, икрар жана ислам деп аныктама берип, булардын айтылышы боюнча башка, мааниси жагынан бирдей экендигин, башкача айтканда баарынын ыйман маанисин туюнткандыгын билдирет.[32] Абу Ханифа ыйманга эмне тиешелүү болсо исламга да тиешелүү экендигин айтат. Ал бул көз карашын мындайча ачыктайт: «Ислам Алланын буйруктарын кабыл кылып, баш ийүү. Сөздүк жагынан ыйман менен исламдын ортосунда айрыма бар. Бирок, исламсыз ыйман, ыймансыз ислам болбойт. Экөө теӊ бир нерсенин ичи жана сырты сыӊары.»[33] Ошондуктан Абу Ханифанын пикиринде ар бир момун мусулман, ар бир мусулман момун болуп эсептелет. Ыймандан чыккан исламдан да чыккан болот, исламдан чыккан ыймандан да чыккан болот.

**8. Ваад жана ваид**

Ваад акыретте Алла Тааланын жакшы иштер аткаргандарды бейишке киргизүүсү, ваид жаман иш аткаргандарды тозокко

[28] Караӊыз: *Kutlu*. Türklerin İslamlaşma Sürecinde Mürcie ve Tesiri. 138-141.

[29] *Халимий. Хусеин бин Хасан* (403/1012). Kitâbü'l-Minhâc фи шуабил иман. – Бейрут, 1979. I/43-45.

[30] *Кады Аби Йаъла. Мухаммед бин Хусеин бин Халеф бин Ахмад бин Фарра ал-Багдадий (458/1066).* Масаилул иман. –Рияд, 1410. 426-428.

[31] *Абдулжаббар. Кады бин Ахмад (415/1020).* Шарху усулул-хамса. -Каир, 1988. 706-707.

[32] *Ebû Hanîfe*. el-Âlim ve'-Müteallim. 13-14.

[33] *Ebû Hanîfe*. el-Fıkhu'l-Ekber. 58.

киргизүүсү. Бул маселени алгачкы жолу талаш-талкуу кылган харижиттерден ваидиййа жана мутазила болгон. Ваидиййа боюнча чоң күнөө кылган каапыр эсептелет. Мындан улам ал акыретте түбөлүк тозокто калат.[34] Орто кылымдагы белгилүү ислам аалымы Шахристаний мутазыланын ваад жана ваид туурасындагы көз карашын мындайча ачыктайт: «Мутазила боюнча бир момун бул дүйнөдө Аллага баш ийип тообо кылып жашап өтсө, акыретте бейишке кирет. Эгерде, чоң күнөө кылган бир адам бул дүйнөдө тообо кылбастан өткөн болсо, тозокто түбөлүк калат. Бирок, анын азабы каапырлардыкынан жеңилирээк болот.»[35] Харижиттер жана мутазыланын экөөнүн тең көз карашы боюнча Алла ваадинден да, ваидинден да кайтпайт.

Абу Ханифа дагы ваад жана ваид принцибине баш ийип, бул дүйнөдө жакшы иштер аткаргандардын акыретте Алла тарабынан сыйлана тургандыгы, жаман иштер аткаргандардын жазалана тургандыгын баса белгилейт. Ал «Акыйкатта, Аллах-Өзүнө шерик кошкондорду кечирбейт, бирок андан башка күнөөлөрдү эгер кимди (кечирүүнү) кааласа кечирет... » (Ниса. 4/48.) аятын далил катары көрсөтүп, ширктен сырткаркы күнөөлөрдүн Алла тарабынан кечирилүүсү мүмкүн экендигин айтат.[36] Абу Ханифа харижиттер жана мутазыланын пикирине кошулбайт. Анын пикиринде чоң күнөө кылган инсан күнөөсүнө жараша жазасын алгандан кийин бейишке кире тургандыгын айтып, төмөнкү аяттарды далил катары көрсөтөт.[37] «...амал кылуучуңардын амалдарын текке кетирбеймин.» (Али Имраан. 3/195), «...силер кылганыңар үчүн гана жазаланасыңар.» (Ясин. 36/54), «...жасаган амалдарыңарга жараша жазаланасыңар.» (Тахрим. 66/7), «Демек, кимде-ким кыпындай жакшы иш кылган болсо-аны көрөт, кимде-ким кыпындай жаман иш кылган болсо-аны да көрөт.» (Зилзал. 99/8), «Ар бир чоң жана майда иштер жазылган.» (Камар. 54/53), «Биз Кыямат күнү үчүн туура таразаларды жайгаштырабыз. Бир да жан зулум кылынбайт. А эгерде сары кычынын данынын салмагындай эле (амал) болсо, анысын келтирер элек. Биз толук жетээрлик эсепчибиз.» (Анбия. 21/47)

Абу Ханифа боюнча бул дүйнөдө жакшы амал кылгангандар, акыретте амалына жараша сообун алат. Ал эми жаман амал кылгандар дагы акыретте амалдарына жараша жазасын алышат. Бирок, бардык

---

[34] *Шахристаний. Аби Фатх Мухаммед бин Абдулкерим (548/1153).* ал-Милал ван-нихал. – Бейрут, 1992. I/105.
[35] *Шахристаний.* I/39.
[36] *Ebû Hanîfe.* el-Âlim ve'-Müteallim. 17.
[37] *Ebû Hanîfe.* el-Âlim ve'-Müteallim. 25-26.

жаман амал кылгандардын абалы бирдей эмес. Ар ким кылган күнөөсүнө жараша жазаланып, андан кийин тозоктон чыгарылат.[38]

Жыйынтыктап айта турган болсок Абу Ханифа бул маселелерде өзүнүн көз карашын ортого коюуда орто жолду тутунуута аракет кылган. Ошондуктан катуу көз караштты тутунушкан харижи, мутазыла жана асхабул-хадиске караганда Абу Ханифанын пикирин колдогондор көп болгон жана ислам дининин жайылуусуна чоң өбөлгө болгон. Мындан сырткары анын жалпы акида туурасындагы көз караштары ахли-сүннөт акидасынын жана матуридиликтин пайда болушуна зор салымы болгон.

### Колдонулган адабияттар

*Абдулжаббар. Кады бин Ахмад (415/1020).* Шарху усулул-хамса. -Каир, 1988.

*Абдуллах Бин Ахмад Ибн Ханбал.* Ал-сунна. –Бейрут, 1985.

*Абул-Хусеин Абдуррахим бин Мухаммед ал-Хайиат (300/921).* ал-Интисар вар-рад алаа равандий. – Каир, 1988.

*Aliyyü'l-Kârî.* İmam Azam Fıkh-ı Ekber Aliyyü'l-Kârî Şerhi. çev. Yunus Vehbi Yavuz.- İstanbul, 1992.

*Ebû Hanîfe.* el-Fıkhu'l-Ebsat. (*Mustafa Özdүн* İmam Azam'ın Beş Eseri аттуу китебинин ичинде). –İstanbul. 1992.

el-Vasiyye. (*Mustafa Özdүн* İmam Azam'ın Beş Eseri аттуу китебинин ичинде). –İstanbul, 1992.

el-Âlim ve'-Müteallim. (*Mustafa Özdүн* İmam Azam'ın Beş Eseri аттуу китебинин ичинде). –İstanbul, 1992

el-Fıkhu'l-Ekber. (*Mustafa Özdүн* İmam Azam'ın Beş Eseri аттуу китебинин ичинде). –İstanbul. 1992.

*Ebû'l-Leys es-Semerkandî, Nasr b. Muhammed b. Ahmed b. İbrâhim el-Hanefî (383/993).* Tenbîhu'l-Ğâfilîn ve Büstânu'l-Ârifîn (Gafilleri Uyaran kitap). çev. Abdülkadir Akçiçek. – İstanbul, 1974.

*el-Mâturîdî. Ebû Mansur Muhammed b. Muhammed b. Mahmud (333/944).* Kitâbu't-Tevhid Tercümesi. çev. Bekir Topaloğlu. – Ankara, 2002.

*Кады Аби Йаъла. Мухаммед бин Хусеин бин Халеф бин Ахмад бин Фарра ал-Багдадий (458/1066).* Масаилул иман. –Рияд, 1410.

*Халимий. Хусеин бин Хасан* (403/1012). Kitâbü'l-Minhâc фи шуабил иман. – Бейрут, 1979.

*Sönmez Kutlu.* Türkler'in İslamlaşma Sürecinde Mürcie ve Tesiri.- Ankara, 2000.

*Шахристаний. Аби Фатх Мухаммед бин Абдулкерим (548/1153).* ал-Милал ван-нихал. –Бейрут, 1992.

[38] *Ebû Hanîfe.* 26.